**Илимий жетекчи, медицина илиминин доктору Абдилатип Абдурахманович Шамшиев тарабынан Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү,уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» аталышындагы кандидаттык диссертациясына**

**СЫН – ПИКИР:**

Изденүүчү Аскарбекова Гулдесте 2014-жылы ОшМУнун медицина факультетинин дарылоо иши адистигини артыкчылык диплому менен аяктаган. 2016 жылы дипломдон кийинки билим берүү борборунун ардинатуррасын бүтүрүп, жалпы терапевт кесибине ээ болгон.

Аскарбекова Гулесте Аскарбековна өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн 2017-жылынан тартып базистик жана клиникалык фармакология кафедрасында окутуучу болуп эмгектенип келет.

Г.А. Аскарбекова 2020-жылы ОшМУнун медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынан аспирантура бөлүмүнө тапшырып, 2023 жылы аяктаган. Аспирантурадагы окуусу учурунда ал илимий изилдөөгө өзгөчө кызыгуусун көрсөтүп, бул мезгил анын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн пайдубалы болуп калды жана илим изилдөөнү өз алдынча даярдоого мүмкүнчүлүк берди. Анын жүргүзгөн илимий иштери РИНЦ тарабынан рецензияланган журналдарда 8 макала түрүндө жарыяланган. Мындан тышкары, ал эл аралык конференцияга катышып, изилдөө темасы боюнча баяндама жасаган.

Гүлдесте Аскарбекова жаш илимпоз катары: Коюлган максаттарга жетүүдөгү өжөрдүк, жоопкерчилик жана ишке берилгендик, изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так аныктай билүү, алынган жыйынтыктарды терең талдоо жана жыйынтык чыгаруу жөндөмү сапаттары менен айырмалап турат.

Аскарбекова Гулдесте жаш илимпоз катары калыптанып, медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп ойлоймун.

**Илимий жетекчиси, м.и.д**: А.А. Шамшиев

22.05.2025 ж.